## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2016-жылдын август айы)*

**1-график. МКОго карата суроо-талаптын, сунуштун жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча эки аукцион жана биринчилик рынокто бир кошумча жайгаштыруу ишке ашырылган. Аукциондо мамлекеттик казына облигацияларынын жарыяланган эмиссиясынын көлөмү 58,2 пайызга көбөйүү менен 720,0 млн сомду түзгөн. Суроо-талап көлөмү ай ичинде 16,8 пайызга көбөйүү менен 948,1 млн сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде рыноктун катышуучулары тарабынан 590,0 млн сом суммасына жүгүртүү мөөнөтү 2 жылдык баалуу кагаздар сатып алынган (+2,3 эсе), алардын ичинен кошумча жайгаштыруу көлөмү 180,0 млн сомду түзгөн, ошондой эле 310,0 млн сом суммасына жүгүртүү мөөнөтү 5 жылдык баалуу кагаздар сатып алынган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 0,6 пайыздык пунктка көбөйүү менен 16,4 пайызды түзгөн.

**2-график. МКО боюнча сатуунун жана кирешелүүлүктүн динамикасы**




Жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү жыл башынан бери 11,3 млрд сомго чейин көбөйгөн (+12,5 пайыз). Мында, негизги ээлик кылуучулар – коммерциялык банктардын үлүшүнүн 38,6 пайызга (-1,6 пайыздык пункт) төмөндөөсү байкалган, ал эми институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы, тескерисинче, 61,0 пайызга чейин көбөйгөн (+1,5 пайыздык пункт). Юридикалык жактар-резиденттердин салыштырма салмагы 0,4 пайызды түзгөн (+0,1 пайыздык пункт).

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун баштапкы рыногунун концентрациялануу индекси 0,34 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү үч инвестордун катышуусуна ылайык келет.

**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКОго ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. Инвесторлор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.09.2015 | 8 663 450,0 | 3 928 015 | 45,3 | 4 723 685 | 54,5 | 11 700 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.10.2015 | 9 083 650,0 | 3 926 018 | 43,2 | 5 145 882 | 56,6 | 11 700 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.11.2015 | 9 472 140,0 | 4 062 208,9 | 42,9 | 5 399 681,1 | 57,0 | 10 200,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.12.2015 | 9 824 161,3 | 4 110 364,2 | 41,8 | 5 685 381,1 | 57,9 | 28 366,0 | 0,3 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.01.2016 | 10 037 261,3 | 4 042 364,2 | 40,3 | 5 966 481,1 | 59,4 | 28 366,0 | 0,3 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.02.2016 | 9 909 750,6 | 3 870 305,9 | 39,1 | 6 011 028,7 | 60,7 | 28 366,0 | 0,3 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.03.2016 | 9 906 961,3 | 3 884 638,0 | 39,2 | 5 985 307,3 | 60,4 | 36 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.04.2016 | 9 625 061,3 | 4 067 738,0 | 42,3 | 5 520 307,3 | 57,4 | 36 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.05.2016 | 10 341 061,3 | 4 641 300,3 | 44,9 | 5 662 745,0 | 54,8 | 36 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.06.2016 | 10 412 061,3 | 4 544 485,4 | 43,6 | 5 826 559,9 | 56,0 | 40 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.07.2016 | 10 558 061,3 | 4 590 605,3 | 43,5 | 5 926 440,0 | 56,1 | 40 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.08.2016 | 11 003 061,3 | 4 558 692,2 | 41,4 | 6 404 353,1 | 58,2 | 39 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.09.2016 | 11 288 061,3 | 4 360 364,9 | 38,6 | 6 884 533,4 | 61,0 | 43 113,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |